299 (8)
79


Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институту
Кол жазмалар фондусу
Инв. № 360
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү

Кыскача автобиографиям.

Мен, Сарымсаков Абдырай 1907-жылы азыркы Тянь-Шань районунун Жаң-Булак с/советинин Жаң-Булак кыштагында кедей дыйкан үй-бүлөсүнөн туулганмын. 1907-жылдан 1917-жылга чейин ата-энемдин тарбиясында болдум. 1917-жылдан 1922-жылга чейин айылдык мектепте окуп, 1923-жылы Нарын шаарындагы ачылган мугалимдерди даярдоо курсунан 3 ай окуп, ошол эле жылы сентябрь айында баштооч класстарга мугалим болуп дайындалдым. 1923-жылдан 1926-жылга чейин Нарын районунда мугалим болуп иштедим. 1926-жылдан 1928-жылга чейин Фрунзе шаарындагы советтик партиялык (сов парт школ) мектептен окуп бүттүм. 1928-жылдан 1937-жылга?? чейин мугалим болуп иштедим. 1937-1939-жылга чейин Фрунзе шаарындагы пед институттан окудум. 1939-жылдан 1941-жылга чейин мектеп директору жана мугалим болуп иштеп жүрүп, 1941-жылдан 1945-жылдын аягына чейин Улуу Ата Мекендик согушка катыштым. 1946-жылдан ушул күнгө чейин мектеп директору жана мугалим болуп үзгүлтүксүз иштеп келе жатам. 1955-жылдан бери ушул күнгө чейин Жаң-Булак сегиз жылдык мектебинде мугалим болуп иштеймин. Менин сиңирген эмгектеримди эске алып СССР Жогорку Советинин президиумунун указы боюнча 2 „Кызыл Жылдыз" ордени, 2 медаль „За отвагу", „Берлинди алгандык үчүн", „Варшаваны бошотконду үчүн", „Германияны жеңгендик үчүн", медалы жана „Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалдары менен сыйландым.

30/V 1963-ж. А. Сарымсаков.

Суктанып жүрбей аркымге
Сулуу катын алалы
Сулуу да коҥул калтырат
~~Суктанып жүрбей аркымге~~
Суюк болсо аягы



Молдонун көркүн чыгарган
Окуудан алган илимди
Тоолордун көркүн чыгарган
Топтошуп жүргөн кийикти
Короонун көркүн чыгарган
Колтокдоп жүргөн ирикти
Атабыз азык кашкелең
Айтууга болот силимди*
Даярдап жүргөн баламды
Дайрадай болсо билими
Кишиден талап кылбайлычы
Киши деп айттым кимиңди
Баатырдын көркүн чыгарган
Байланып жүргөн жарагы
Мергендин көркүн чыгарган
Теке аткан узун барагы
Жүлүндү жарып чыккан соң
Жүрөгүң сүйөт баланы
Ажаттын баарын табасың
Аралап базар каланы

Таттуу кылып ашыңды
Тамактын көркүн туз берет
Алысты жакын дос кылып
Ажаттын көркүн кыс берет
Кызыл чапан мөлтүрөп
Кымыздын көркүн ыш берет
Суулары тоңуп муз болуп
Сууктун көркүн кыш берет.
Адырдын көркүн чыгарган
Аркырап аккан булагы
Экинин көркүн чыгарган
Эрпиткен эки улагы
Эмектин көркүн чыгарган
Энсиз чоң эки кулагы
Жылдыздай учат жакшы аттар
Жылкы адамдын бурагы.
Күрдөлдүү Совет элибиз
Күлдөп турган убагы
Жан-жаныбар макулук
Жашоого сыймык булагы

Марш м/н баскан строй,
Майрамдын көркүн туу берет.
Мөлтүрөп арак-винолор,
Магазин көркүн бу берет.

Адырга челек койгондо,
Арыны көркүн бал берет.
Алты-берги жасоого,
Адамдын көркүн мал берет.

Жылдыздай жанган кара көз,
Жигиттин көркүн жар берет.
Суктанат жигит көргөндө,
Сулуунун көркүн кал берет.

Бутака конуп сайраса
Булбулдун көркүн үн берет
Сагызгандай түрлөнүп
Саймалын көркүн түр берет

Теңселип турат ыргалып
Теректин көркүн бүр берет
Убара кылбай тынч жатып
Уйкунун көркүн түн берет

Тоты. 1973-ж.

Мөлтүрөп агып суу кирсе
Мөңгүнүн көркүн сай берет.
Даамына туура келтирип,
Тамактын көркүн май берет.
Ак үйгө панар жаккандай,
Ааламдын көркүн ай берет.
Сары суу болгон менен да,
Самордун көркүн чай берет.
Жылмайып күндүз көрүнбөйт
Жылдыздын көркүн түн берет.
Жайнаган базар күнүндөй
Жайлоонун көркүн чуи берет
Тукаба кийген немедей,
Турмуштун көркүн күн берет.
Короодон пылын жайылса,
Койлордун көркүн жүн берет.
Эртелеп колхоз айдаса
Эгиндин көркүн суу берет.
Көбүкчөн болуп алгансып
Көлдөрдүн көркүн куу берет.

— Оюм 8/V 1944-ж.

Ойлап-ойлап олуруп,
Ой туюнун чечемин.
Оюма түштүг оттондор,
Оолугуп бардай оттуюн.
Санап-санап олуруп,
Сананын колун кечемин.
Бир минутунуң ичинде
Тогорогтуң торт бурчун
Торт айланып оттумун.
Санаа мени учуруп,
Өз чериме четтемин.
Эл, чериме коруштуп,
Хайгысыз болуп кетемин.
Ойлонуп неорыт уктасам
Баягы, ойлогон ойду чечемин.
Ойгонуп кетсем уйкудан,
Жамының жорги калдымин
Боз шинелдиң эдегин.

~~[illegible]~~

Жороокер менин суйгеним,
Жонында турса жарпылдан.
Суйгеним менин ~~баягы~~ уняп.
Оюма тушту кылт эти,
Адамдан башка жороокер,
Куйгену сонун шынк эти,
Сен эсиме тушкенде,
Журогум менин зырт эти.
Ошол оңдуу асылды
Суёркун борбы мен жери.
Эсен чык-пас оңбогур,
журогумду дегдети.
Тажсадым учун согуштан,
Сүюнсом элге мен жери.

5/VIII 1945-ж.

г. Берлин.

✓ Кетсем экен бојнраак.

Эртеден кечке ойлоном,
Кетсемдейлмин бојраак.
Эрткенден кызгача,
жизгым келди азираак.
Биздин колхоз кулонак,
Электор күйөм жаркыраан,
Агыны катуу нарын суу,
жар кочурун шаркыраан.
Согынган отол жериңди.
Кароркун барбы жаркыраан.
Чатыркөл менен соңкөлдо, жыр:
Каз ордоку каркылдаан,
Камаасында камыштан,
Орук каз учат шаркылдаан.
Шарика тойсо жоолошуп,
жорулары талгылдаан.
Шайир озгон жаштары,
обонун созуп шаңкылдаан.
Камыштты түрүн ыныкта
жоткон кун эстесалкындаан

Берлинден кат.

V Муса, Абдыкалыкка

Абонун сөзүн сайраган
Тентушум Муса барбекен.
Келиштирип ыр жазган,
Абдыкалык кайда экен
Төрт жыл кабар укпадым,
Кандай турдуу алда экен.
Силер өскөн көк нарын,
Кандай болуп калды экен,,
. . . . . . . . .

А. Сарымсаков
28/VI 1945-ж.

Сүйүн койчун бериңен,
Тентегиң Калий болакдн.

А. Сорнмсаков

27/VI 1945-ж. г. Берлин.

I- Басмачыны жеңгенден кийин
„Кокорчопго„ жеңген үчүн той
откорчонбуз.

Фронттон кат

## Молдобасанга.

Калдың эле картайып,
Кайран Мокем кайдасың.
Көп жылдар бою тынымсыз,
Эл үчүн сенда сайрадың.
Жаш чагында сендеги,
Оштой күйүн жайнадың,
Кантип чыксын эсимден
Баягы кызыл аскер тонуна I см.
Сени менен баргамым.
Кирген суудай кушулдап
Оолугуп обон салганың.
Баарын ачкан адамдын,
Кайран Мокем аманбы?
Берлинден сурап алыңды,
Кат жазганым жаманбы?
Мокем түшүп оюма,
Кармадым колго каламды.
Он жыл эле болбосо,
Эске алабы жаманды.

Актан акеге

Фронттон кат. 27/VI 1945-ж.

Амансызбы Акам,
Баарын ачкан адамдын.
Арбирине баа берген
Жакшы менен жамандын.
Өсүшүнө ат кошкон,
Социалдык заманды
Жамандыгын көрбөгүн
Согушта Карыш балакдын

А. Сарымсаков

г. Берлин.